**УДК 371.3:494.3:894.341**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-259-263**

**Мусаева В. И.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Гапарова А. Э.**
аспирант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУУЧУЛАРДЫ ОКУУГА, СҮЙЛӨӨГӨ ЖАНА ЖАЗУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН АЙРЫМ БИР КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация:** Бул макалада бүгүнкү күндөгү технологиянын өтө тез темп менен өнүгүп, санариптештирүүгө, жасалма интеллектиге басым жасалып жаткан учурда көйгөйлүү маселеге айланган башталгыч класстарда окуучулардын окуу, сүйлөө жана жазуу сабаттуулугун арттыруу жаатындагы проблемалар каралды. Учурда биз күбө болуп жаткандай, наристе түйүлдүк кезинде эле эненин колундагы чөнтөк телефон менен жакындашып, жарык дүйнөгө келээр замат аны колуна кармап жаткан мезгилде биз кантип алардын жалпы сабаттуулугун калыптандыра алабыз деген жаңы көйгөйлөр жаралууда. Макалада башталгыч класстарда сабат ачуунун экинчи этабы болгон алиппе мезгилинде биринчи класстын окуучуларынын угуу, окуу, сүйлөө монологдук маек кеби менен бирдикте эле жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, окууга жана жазууга машыктыруу иштери тууралуу баяндалды

**Негизги сөздөр**: башталгыч мектеп, кыргыз тили, алиппе, алиппе мезгили, окуу, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү, жазууга машыктыруу иштери, макал-ылакаптар, жаңылмачтар

**Мусаева В.И.**
доктор педагогических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
**Гапарова А.Е.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева

## НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМНЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЕ ЧТЕНИЕ, АУДИРОВАНИЕ И ПИСЬМА УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Аннотация:** В данной статье рассмотрены проблемы в области повышения грамотности чтения, устной и письменной речи учащихся начальных классов, которые стали проблемным вопросом в период бурного развития современных технологий, акцента на цифровизацию, искусственный интеллект. Как мы сейчас наблюдаем, возникают новые проблемы относительно того, как мы можем формировать их общую грамотность, когда ребенок приближается к мобильному телефону в руке матери, как плод, и держит его в ее

руке, как только он родился. В статье описано развитие аудирования, чтения, говорения, устной и письменной деятельности первоклассников на втором этапе развития грамотности в младших классах, а также обучение их чтению и письму.

**Ключевые слова:** начальная школа, кыргызский язык, букварь, после букварный период, чтение, аудирование, письменная деятельность, тренировочные работы, пословицы, поговорки

**Musaeva V.I.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Gaparova A.E.**
graduate student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## SOME PROBLEM ISSUES IN TEACHING READING, LISTENING AND WRITING FOR PRIMARY CLASS STUDENTS

**Abstract** This article discusses problems in the field of improving reading, oral and written literacy among primary school students, which have become a problematic issue during the period of rapid development of modern technologies, emphasis on digitalization, artificial intelligence. As we are now seeing, new challenges arise regarding how we can shape their overall literacy when a child approaches a mobile phone in the mother's hand as a fetus and holds it in her hand as soon as he is born.

The article describes the development of listening, reading, speaking, oral and writing activities of first-graders at the second stage of literacy development in the lower grades, as well as teaching them to read and write.

**Key words:** primary school, Kyrgyz language, primer, post-primer period, reading, listening, writing activities, training work, proverbs, saying

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде базалык бекем билим башталгыч класстарда калыптанаары жалпыбызга маалым. Бул багытта, албетте, биринчи кезекте окуучулардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн жөнгө салуу маселеси турат. Бул теманын тегерегинде иликтөө жүргүзүүдө башталгыч мектепте билим берүүнүн тарыхый таржымалына кайрылып, И.Арабаев [8], С.Нааматов [9], К.Тыныстановдордун [10] эмгектерин, ошондой эле, андан кийинки окуу китептеринин авторлору, окумуштуулар К.Сартбаев [2,3,5,6], Б.Рысбековалардын [3,5,6,7] методикалык колдонмолорун тарыхый-хронологиялык принципте талдоого алдык.

Буга кошумча, орто мектептерде жана гимназияларда башталгыч мектепте билим берүү тармагында Гүлүмкан Асанкадырова, Ишенгүл Сулайманова, Фарида Тилемишова, Айсулуу Орозканова сыяктуу жана башка да бир катар тажрыйбалуу педагог-мугалимдердин сабактарына катышуу менен бирге эле биринчи класстарда алиппе мезгилинин окутулуш ал-абалына байкоолор жүргүзүлүп, алардын айрым алдыңкы иш тажрыйбалары жалпылаштырылып, иликтөөнүн обьектисине жана предметине алынды.

«Алиппе» деген түшүнүк араб жазуусундагы эки алгачкы тамгалардын аттарынан - «алиф» жана «ба» дан улам, аталып калган жана алгачкы массалык сабатсыздыкты жоюуда

кыргыздын тунгуч окумуштуулары И.Арабаев [8], С.Нааматов [9] жана К.Тыныстановдор [10] тарабынан балдар үчүн да чоңдор үчүн да учурунда бир нечелеген алиппелер жазылып, тарыхта калгандыгы белгилүү.

Алиппе баланын сабатын ачууда, окууга жана жазууга үйрөтүүдө баштапкы, тунгуч окуу куралы. «Баланын эң алгачкы, эң кичинекей энциклопедиясы болгон бул китеп балага эне тилинин мүнөздүү белгилери, дүйнө, айлана-чөйрө, Ата Журту, анын улуттук ыйык символдору, тарыхы, географиясын билдирет [11].

Дегеле, биринчи класстарда алиппе мезгилин окутуу бул - сабат ачуунун экинчи баскычы болуп саналат. Ал эми сабат ачуу процесси өзү үч баскычтан турат. Алар: 1) алиппеге чейинки мезгил; 2) алиппе мезгили; 3) алиппеден кийинки мезгил. Демек, биринчи класстын окуучуларына мугалим окуу жылынын башталышынан аягына чейин жалаң сабат ачуу иштерин аткаруу менен алек болуусу шарт.

Албетте, бул жерде айта кете турган нерсе – азыркы ар бир ата-эне өзүнүн шарт-жагдайына ылайык, мисалы, баласын мектепке чейин эле кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү боюнча окутуп-сүйлөтүп, жаздырып, даярдап, тактап айтканда сабатын ачып анан мектеп босогосуна алып келген учурлар да кездешет. Ошону менен бирге эле, 2-3жашынан бала бакчага барган бала мектепке келгиче «өз алдынча окуу, сүйлөө жана жазуу ыкмаларын өздөштүрүп, сабаты ачылып, келүүсү» [13,14] да ыктымал. Мындай шартта, эгерде, мүмкүн болсо биринчи класска окуучуларды атайын тесттерден өткөрүү менен ар биринин деңгээлине жараша ылайыктап, өз-өзүнчө класстарга бөлүштүрүү зарылдыгы келип чыгат. Бул иштер, балким, келечекте ишке ашаар деген тилектебиз. Бул дагы өзүнчө сөз кыла турган маселелердин бири.

Эми жогоруда аталган баскычтарды алып карасак, бул жерде алиппе мезгили – бул сабат ачуунун экинчи этабы болуп саналат. Дал ушул сабат ачуунун экинчи этабы болуп саналган алиппе мезгилинде мугалимдин башкы максаты жана милдети биринчи класстын окуучуларды төмөнкүдөй кеп ишмердүүлүгүнүн ыкмаларына машыктыруу болуп саналат. Алар:

**Башталгыч мектептеги окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрү**




Алиппе мезгилиндеги сабат ачуу маселеси жогоруда аталган кеп ишмердүүлүктөрүнө окутуп-үйрөтүү аркылуу ишке ашырылмакчы. Демек, сабат ачуу бул – окуучунун дүйнө таанымын байытып, тегерегиндегилер менен маектешүүгө аңгемелешүүгө же жекече баяндамасын оозеки жана жазуу жүзүндө айтууга, сүйлөөгө жана жазууга үйрөтүү”

[1,2,13,14] деген сөз. Көрүү ишмердүүлүгү оозеки сүйлөөгө жана жазууга машыктыруу иштери менен бирге эле алдыңкы методдорду окутуу иштери да жүргүзүлөт.

Мына ушундан улам, алиппе мезгилиндеги эң негизги нерсе – баланын өз алдынча туура ой жүгүртүүсүн, айлан-чөйрөгө көңүл буруусун, жекече жоопкерчилигин калыптандыруу менен бирге эле баланын сөзүн өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруусу болуп эсептелинмекчи. Сабат ачуунун ар кыл баскычтарындагы мугалимдин иш-аракеттеринин ар биринин өзүнүн таксат-милдеттери бар. Мисалы, окуучунун сөзү, сүйлөөсү байып, угуу, көрүү аркылуу адамдардын сүйлөшүүлөрүн, кебин тыңшап, уга билишет. Ошону менен бирге эле төмөнкү ыкмаларга машыктырылышы шарт. Алар:

- Сүйлөмдөрдү сөздөргө ажыратууга;
- Сөздөрдү муундарга ажыратууга;
- Муундарды тыбыштарга ажыратууга;
- Тыбыштарды туура угууга;
- Тыбыштарды туура айта билүүгө;
- Сүйлөгөндө тыбыштарды так, даана, такалбай сүйлөй билүүгө

Тыбыштарды туура уга билүү менен кайра аны так айта билүүгө, сүйлөгөндө тыбыштарды так, даана, такалбай сүйлөй билүүгө кыргыз эли тээ байыртан баштап, элдик жаңылмачтарды айттыруу менен окутуп-тарбиялап келишкендигин тарых тастыктайт. Мына ушуну мектеп практикасында пайдаланса жемишин берет деген ойдобуз. Мисалга төмөнкү элдик жаңылмачтарды келтиребиз:

**Тыбыштарды туура уга билүү менен кайра аны так айта билүүгө үйрөтүүчү жаңылмачтар боюнча машыгуу иштери**

*1-окуучу 1-жаңылмачты так айтат 2-окуучу аны кайталап, так айтат*

Ак капкак, көк капкак, кызыл капкак, жашыл капкак.

*3-окуучу 2-жаңылмачты так айтат 4-окуучу аны кайталап, так айтат*

Бир чымчык, эки чымчык, үч чымчык, төрт чымчык, беш чымчык.

*5-окуучу 3-жаңылмачты так айтат 6-окуучу аны кайталап, так айтат*

Сыбызгычылар сыбызгысын сыбызгытса,
Биз сыбызгыбызды сыбызгытпай,
Ким сыбызгысын сыбызгытат

*7-окуучу 4-жаңылмачты так айтат 8-окуучу аны кайталап, так айтат*

От үстүндө балкаймак, бал, бал каймак, бал каймак ж.б.

Алиппе мезгилиндеги сабат ачууда “сөздөгү тыбыштардын үйрөтүлүшү” тууралуу алиппенин негиздөөчүсү И.Арабаевден [8] бери ушул учурга чейин окутулуп келет. Бул алиппе мезгилиндеги окутуунун негизги өзөгү болуп саналат.

Алиппе мезгилиндеги окутуу процесси, негизинен, окуучуларды төмөндөгүдөй көнүгүү, машыгууларга окутуп-үйрөтөөрү белгилүү. Аларга мисалы:

- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү шар окууга;
- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү сезимдүү окууга;
- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү көркөм окууга;
- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү үн кубултуп окууга;
- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү түшүнүп окууга;
- Окугандарын кайра айтууга, сүйлөөгө;

- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү ичинен үн чыгарбай купуя окууга;
- Сөздү, сүйлөмдү жана сүйлөмдөрдү үн чыгарып, жарыя окууга;
- Сөздү так, туура жаза билүүгө;
- Сүйлөмдү так, туура жаза билүүгө машыгышат.

Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүдөгү тамга-муун методу бул - эң байыркы метод болуп саналат. Байыркы Грецияда, Римде, андан кийин Европага жана Азиядагы элдерге таркаган. Россияда XVI кылымдан XIX кылымга чейин колдонулган. Бул методдогу эң башкы нерсе – тамгаларды жаттоо болгон. Тамгалардан түзүлгөн муундарды балдар жатташкан. Жазууга болсо тамгалардын баарын үйрөнүшкөндөн кийин гана киришкен. Биринчи иретте тамгаларды, сөздү, андан кийин фразаларды жазышкан. Мындай жол менен сабат ачуу узак убакытка созулуп кеткен. Тамга-муун методу синтетикалык метод болуп саналат. Чечмелеп айтканда, тамгадан муун, андан сөз түзүлүп, бөлүктөн бүтүн жаралат деген түшүнүктү туюндурат.

Кыргыз алиппелери көп жылдар бою тамга-муун методуна негизденип түзүлүп келген. Азыркы учурдагы жаңы алиппелер да ушул тамга-муун методун жетекчиликке алып, жазылган. Мында, алгач, тамга тааныштырылып, мисалы, алиппе китебинин беттеринин баш жагында тамга сунуш кылынып, андан кийин ага карата сүрөттөр, муундар, сөздөр жана сүйлөмдөр сунушталат. Демек, башкы көңүл өтүлө турган тамгага топтолуп, тамганын, сөздүн кайсы жерине, мисалы, сөздүн башында же сөздүн ортосунда же аягында келгенин мугалим балдарга түшүндүрөт.

Башталгыч мектептен билимдердин пайдубалы түптөлүп, билим башаты – башталгыч класс болгондуктан, мына ушул учурда балдардын таалим-тарбия алуусуна айрыкча көңүл бөлүү менен түйшүктөнүү жана мээнеттенүү зарылдыгы тургандыгы талашсыз чындык.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
2. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
3. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф.: 1928, 68б.
4. Кыргыз педагогикасы. Энциклопедиялык окуу куралы. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004.
5. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн "Алиппе" Б.: ОсОО "Принт-экспресс", 2018. – 138б.
6. В.И.Мусаева "Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана багыттарын аныктоодо Ч.Айтматовдун тексттеринин жана сүрөт-картиналарынын ролу" \ "Жаштарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ролу" аттуу Форумдун материалдары. 18-май, 2018-ж. \\ И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Атайын чы. 2-бөлүк. 2018-ж. 111-116-бб.
7. В.И.Мусаева "Окуучуларды окуу жана жазуу ишмердүүлүгүнө машыктырууда Ч.Айтматовдун тексттерин, картина-сүрөттөрүн пайдалануу" \ "Жаштарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ролу" аттуу Форумдун материалдары. 18-май, 2018-ж. \\ И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Атайын чыг. 2-бөлүк. 2018-ж. 134-138-бб.

**Рецензия: педагогика илимдеринин доктору, профессор Добаев К. Д.**